Peace Corps
KYRGYZ REPUBLIC

30TH ANNIVERSARY



















# Жылдык Отчет 2022

# МАЗМУНУ:


| | |
|---|---|
| Тынчтык Корпусунун мүдүрүнүн кайрылуусу | 1 |
| Тынчтык Корпусу тууралуу жалпы маалымат | 2 |
| Кыргыз Республикасындагы Тынчтык Корпусу | 3 |
| Тынчтык корпусунун ыктыярчысы болууга талаптар | 4 |
| Кыргыз Республикасында иштөөгө даярдоо жана кызмат учурундагы тренингдери | 4 |
| Англис тилин чет тили катары окутуу | 5 |
| Англис тилин чет тили катары окутуу долбоорунун 2022-жылдагы негизги көрсөткүчтөрү | 7 |
| Тынчтык Корпусунун жаңы пилоттук виртуалдык кызмат программасы | 7 |
| Ийгилик баяндамасы | 8 |
| Маанилүү учурлар | 16 |
| Кабыл алуучу үй-бүлөлөргө жана жамааттарга ыраазычылык | 19 |
| Билим жана илим министрлигинин каты | 20 |

# ТЫНЧТЫК КОРПУСУНУН МҮДҮРҮНҮН КАЙРЫЛУУСУ



QR-код аркылуу азыркы учурда иштеп жаткан Тынчтык Корпусунун Ыктыярчыларынын Кыргызстанга жаңы келгендеги видеосун көрүңүз

2022-жыл Кыргыз Республикасындагы Тынчтык Корпусу жана анын өнөктөштөрү үчүн өзгөчө жыл болду. 2020-жылдын март айында Тынчтык Корпусунун ыктыярчылары дүйнөнүн бардык булуң-бурчтарынан эвакуацияланган кийин, бери биринчи жолу Кыргызстанга кайтып келишти. Европа, Азия жана Жер Ортолук деңиз аймагындагы өлкөлөрдүн арасында Кыргызстан биринчилерден болуп ыктыярчыларды кайрадан кабыл алган өлкө болду. Биз Кыргызстанда Тынчтык Корпусунун программасынын түзүлүшүнө негиз болгон Америка Кошмо Штаттары менен Кыргыз Республикасынын ортосундагы келишимдин 30 жылдыгын белгиледик. 2022-жылдын күз айында стажер-ыктыярчылардын 28-тобу (К-28) кызмат өтөө алдындагы 11 жумалык тренингди жана кыргыз тилин үйрөнүүнү ийгиликтүү аяктап, Кыргызстанда кызмат өтөө үчүн ыктыярчынын антын беришти. К-28 тобунун 11 ыктыярчысы Чүй, Ысык-Көл, Нарын жана Талас облустарынын айылдарында жергиликтүү мугалимдер менен бирге англис тилинен сабак беришүүдө. Ыктыярчылар жергиликтүү кесиптештери менен бирге окуучуларды англис тилин өркүндөтүүгө жана аң-сезимин кеңейтүүгө шыктандырат. Ыктыярчылар жана алардын кесиптештери класстык иштерден тышкары, окуучуларга жана жамааттын башка мүчөлөрүнө англис тилин практикалоого жана өркүндөтүүгө жардам берүү үчүн англис тили ийримдерин жана башка класстан тышкаркы иш-чараларды жүргүзүп жатышат. Ошондой эле, ыктыярчылар Тынчтык Корпусунун чакан гранттар программасынын колдоосу менен ишке ашырыла турган биргелешкен долбоорлорду иштеп чыгуу үчүн өз жамааттары менен иштешүүдө.

К-28 тобунун ыктыярчылары маданият аралык кызматташтыктын жаңы доорунун пионерлери, бирок алар өз ишмердүүлүгүн нөлдөн башташкан жок. Алар буга чейин иштеген 1300дөн ашуун ыктыярчылардын тажрыйбасына жана салымдарына таянышууда. Тынчтык Корпусу Кыргыз Республикасындагы жамааттар менен 1993-жылдан бери үзгүлтүксүз иштешип келишет жана пандемия учурунда Тынчтык Корпусунун кызматкерлери көптөгөн жамааттардагы окуучуларга жана мугалимдерине коомдук ар кандай долбоорлорду пландаштырууга жана уюштурууга жардам беришкен. Ал эми кайтып келген бир нече ыктыярчылар акыркы эки жылдын ичинде Пилоттук Виртуалдык Кызмат Программасынын (ПВКП) алкагында Кыргызстандагы окуучулар үчүн англис тили боюнча онлайн сабактарды жергиликтүү мугалимдер менен биргеликте окутушууда.

30 жыл бою ыктыярчылар жана алардын жамааттары окуучулардын жана мугалимдердин англис тили деңгээлин жогорулатуу үчүн класстын ичинде жана сыртында кызматташып, эки жылдык ыктыярчынын кызматтан алда канча узакка созулган мамилелерди түзүштү. Бул мамилелер Кыргызстан жана АКШ элдеринин ортосундагы достукка жана өз ара түшүнүшүүгө өбөлгө түздү жана өбөлгө түзүүнү улантууда. Мындай ийгиликке жетишүү ыктыярчылардын, мугалимдердин, мектеп

мүдүрлөрнүн жана кабыл алуучу үй-бүлөлөрдүн талыкпаган эмгеги, кызматташуусу жана толугу менен жасап жаткан ишине берилүүсү, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн, өзгөчө Билим берүү жана илим министрлигинин жана Тышкы иштер министрлигинин колдоосу менен гана мүмкүн болду.

Кыргыз Республикасындагы Тынчтык Корпусунун келечектеги максаттары – бул биздин өнөктөштөр менен кызматташууну мындан ары да чыңдоо; Кыргызстандын Өкмөтүнүн Кыргызстандагы, анын ичинде түштүктөгү мектептерге ыктыярчыларды тартуу жөнүндө суроо-талабын канааттандыруу; Кыргызстандагы Тынчтык Корпусунун кызматын ыктыярчылар үчүн мындан да коопсуз жана ийгиликтүү кылууга жардам берүү; жана ыктыярчылар менен алардын өнөктөштөрүнүн биргелешип жетишкен ийгиликтерин америкалык жана кыргызстандык коомчулук менен бөлүшүү.

Өткөн жылдын жыйынтыгын сиздер менен бөлүшүү биз үчүн чоң сыймык жана кубаныч. Бул отчетто Тынчтык Корпусунун Ыктыярчыларынын, жергиликтүү мугалимдердин, окуучулардын, мектеп мүдүрлөрүнүн жана кабыл алуучу үй-бүлөлөрдүн ортосундагы кызматташтык жана алардын Кыргызстандагы англис тилин окутууга кошкон салымы чагылдырылат. Биз бул кызматташтыктын негизинде бүтүндөй өлкө боюнча жамаатарды жана окуучуларды камтууну, билим, көндүмдөр жана идеялар менен алмашууну жана эки өлкөнүн элинин ортосунда жаңы мамилелерди жана кызматташтыкты түзүүнү чыдамсыздык менен күтөбүз.

## ТЫНЧТЫК КОРПУСУ ТУУРАЛУУ ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ

Тынчтык Корпусу - бул АКШнын көз карандысыз, саясий эмес жана диний эмес мамлекеттик агенттиги. Бул уюм дүйнө жүзү боюнча билимдүү адистерге муктаж болгон өлкөлөргө ыктыярчыларды жөнөтөт. “Тынчтык Корпусун” жаратуу идеясы 1960-жылы Мичиган студенттерин тынчтык жана достук миссиясы менен башка өлкөлөргө барып өз мекенине кызмат өтөөгө чакырган сенатор Джон Ф. Кеннедиге тиешелүү болгон. 1961-жылы Кеннеди АКШнын президенти болуп турганда, дүйнө жүзүндө тынчтыкты жана достукту чыңдоо үчүн Тынчтык Корпусун расмий түрдө негиздеген жана бул миссия азыркы күнгө чейин өзгөргөн жок. Тынчтык Корпусу дагы деле үч максатты көздөп келет, атап айтканда:

1. Кызыктар өлкөлөрдүн элдеринин билимдүү адистерге болгон муктаждыктарын канааттандырууга көмөк көрсөтүү.
2. Ыктыярчыларды кабыл алган өлкөлөрдүн элдерине Америка эли жана алардын маданияты тууралуу жакшыраак түшүнүүгө көмөктөшүү.
3. Америка элине башка өлкөлөрдүн элдерин жакшыраак түшүнүүгө көмөктөшүү.

Дүйнө жүзүндөгү Тынчтык Корпусунун Ыктыярчылары өздөрү кызмат кылган өлкөлөрдүн жергиликтүү калкы менен биргеликте иштеп, жашап жана алардын өнүгүүсүнө салым кошууга умтулушат. Алар мугалимдер, бизнес-консультанттар, жаштарды өнүктүрүү боюнча адистер, медициналык адистер, айыл чарба жана айлана-чөйрөнү коргоо кызматкерлери катары иштешет. Алар кабыл алуучу үй-бүлөлөрүнөн жана өнөктөштөрүнөн жаңы нерселерди үйрөнүүгө жана өзүлөрү иштеп жаткан өлкөлөрдүн маданиятына жуурулушууга умтулушат. Бардык ыктыярчылар кабыл алуучу мамлекеттин өкмөтүнүн чакыруусу менен иштешет жана кабыл алуучу уюм менен биргеликте иш алып барышат. Дүйнө жүзү боюнча Тынчтык Корпусунун

программаларын каржылоо Америка Кошмо Штаттарынын Конгресси тарабынан бөлүштүрүлөт жана Америка жарандарынын салык КОТОРУУЛАРЫНЫН эсебинен жүргүзүлөт.

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ ТЫНЧТЫК КОРПУСУ

Тынчтык Корпусу Кыргыз Республикасында 1992-жылы АКШ менен Кыргыз Республикасынын Өкмөттөрүнүн ортосунда кол коюлган келишимдин негизинде түзүлгөн. Ошондон бери Тынчтык Корпусунун 1300дөн ашык ыктыярчылары жана Пилоттук Виртуалдык Кызмат Программасынын (ПВКП) катышуучулары 130 000ден ашуун Кыргызстандыктарга англис тилин үйрөнүүгө, лидерлик жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө жана коомдук долбоорлорго катышууга жардам беришти. Ыктыярчылар жергиликтүү кесиптештери менен тыгыз байланышта иштөө менен бирге, мугалимдерди даярдоо, гендердик билим берүү, компьютердик сабаттуулук жана жаштарды өнүктүрүү боюнча иш-чараларды ийгиликтүү өткөрүштү.

Азыркы учурда Кыргыз Республикасындагы Тынчтык Корпусунун бардык ыктыярчылары жергиликтүү мугалимдер менен бирге англис тилин чет тили катары окутушат. Класста мугалимдердин жана окуучулардын потенциалын жогорулатуудан тышкары, көпчүлүк ыктыярчылар жайкы лагерлерге катышып, жаштарга турмуштук көндүмдөрдү, анын ичинде сынчыл ой жүгүртүүнү жана келечегин пландаштырууну үйрөтүшөт.




Азыркы учурда Кыргыз Республикасындагы Тынчтык Корпусунун бардык ыктыярчылары жергиликтүү мугалимдер менен бирге англис тилин чет тили катары окутушат. Класста мугалимдердин жана окуучулардын потенциалын жогорулатуудан тышкары, көпчүлүк ыктыярчылар жайкы лагерлерге катышып, жаштарга турмуштук көндүмдөрдү, анын ичинде сынчыл ой жүгүртүүнү жана келечегин пландаштырууну үйрөтүшөт.





# ТЫНЧТЫК КОРПУСУНУН ЫКТЫЯРЧЫСЫ БОЛУУГА ТАЛАПТАР

Кыргыз Республикасында Тынчтык Корпусунун ыктыярчысы болуу үчүн талапкерлер дыкат тандоодон өтүшөт. Кызматка чакырылган талапкерлер төмөнкү талаптарга жооп беришет:

- АКШнын жараны болуусу.
- Аккредиттелген университеттин бакалавр даражасы
- Медициналык текшерүү: физикалык жана психикалык жактан кызматка жарактуу экендигин тастыктаган документ; COVIDге каршы толук эмдөөдөн өтүү
- Таржымалын текшерүү: жарандык, кесиптик жана финансылык мыйзам бузууларынын жоктугу.
- Тынчтык Корпусунун башкы кеңсесинин кызматкерлери менен маектен ийгиликтүү өтүү
- Кыргыз Республикасында кызматка чейинки интенсивдүү даярдоо программасын ийгиликтүү аяктоосу;

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ИШТӨӨГӨ ДАЯРДОО ЖАНА КЫЗМАТ УЧУРУНДАГЫ ТРЕНИНГДЕРИ

QR-код аркылуу кызматка чейинки тренинг учурундагы видеону көрүңүз

Тынчтык Корпусунун ар бир ыктыярчысы эки жылдык мөөнөткө иштөөнүн алдында кызматка чейинки үч айлык окутуудан өтөт. 2022-жылдын июнь айында Кыргыз Республикасындагы Тынчтык Корпусу англис тилин окутуу боюнча ыктыярчы болуп иштөөнү каалаган 12 жаңы стажерду кабыл алды. Тренинг стажерлор өлкөгө келгенге чейин эле, кыргыз тили жана маданияты боюнча онлайн сабактар менен башталган.





Кызматка чейинки окутуунун максаты – стажерлорду Кыргыз Республикасында ишке, жашоого, ден соолугун сактоого жана коопсуздугун камсыз кылууга даярдоо болуп саналат. Ушул үч айдын ичинде алар кыргыз тилин үйрөнүшөт, жергиликтүү кесиптештери менен окутуу методикасын практикалашат жана маданияттар аралык компетенттүүлүк жана маалыматтуулук боюнча тренингден өтүшөт.






Окуу программасын ийгиликтүү аяктаган стажерлор гана ыктыярчынын антын бере алышат.

Эки жылдык кызматташтыкта Тынчтык Корпусунун ыктыярчылары жергиликтүү англис тили мугалимдерине окутуу методикасы, баалоо жана сабакты пландаштыруу сыяктуу көндүмдөр боюнча билимдери менен бөлүшүшөт. Окуучуларга жагымдуу шарттарды түзүү максатында Тынчтык Корпусу мүдүрлөр, мугалимдер жана ыктыярчылар үчүн «Коопсуз мектептер» аттуу тренингин өткөрөт, ал эми катышуучулар өз кезегинде жаңы идеяларын жана билимдерин жамааттын мүчөлөрү менен бөлүшүү үчүн тренингдерди өткөрүшөт. Жергиликтүү мугалимдер, жамааттын мүчөлөрү жана ыктыярчылар «Долбоорду иштеп чыгуу жана башкаруу» көндүмдөрүнө ээ болушат жана өз жамааттарын өнүктүрүүгө багытталган чакан гранттарга кайрыла алышат.

## АНГЛИС ТИЛИН ЧЕТ ТИЛИ КАТАРЫ ОКУТУУ

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги менен өнөктөштүктө Тынчтык Корпусунун «Англис тилин чет тили катары окутуу» (АЧКО) долбоору англис тилин окутуу көндүмдөрүн жана окутуу методдорун жакшыртуунун натыйжасында мугалимдердин, окуучулардын жана жамаат мүчөлөрүнүн кесиптик, академиялык жана жеке мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүнү максат кылат.





Тынчтык Корпусунун Ыктыярчылары орто мектептерде англис тилин жергиликтүү мугалим менен биргелешип окутуу аркылуу англис тили мугалимдеринин деңгээлдерин жогорулатууга салым кошот. Англис тилин чет тили катары окутуу программасынын ыктыярчылары өз мектептерине жана жамааттарына англис тили боюнча окутуу ресурстарын түзүү же кеңейтүү, окуучуларга багытталган сабак пландарын иштеп чыгуу жана классты башкаруу боюнча жаңы ыкмаларды киргизүү

аркылуу жардам көрсөтүшөт. Ыктыярчылар ошондой эле англис тил ийримдерин, компьютердик сабаттуулук боюнча сабактарды жана жаштарды өнүктүрүү сыяктуу класстан тышкаркы иш-чараларды дагы өткөрүшөт. Ыктыярчылар жергиликтүү кесиптештери менен бирге жамаатка потенциалдарын жогорулатууга жана туруктуулукка багытталган чакан долбоорлор аркылуу максаттарына жетүүгө жардам беришет.

2020-жылдын 15-мартында Тынчтык Корпусу дүйнө жүзү боюнча ыктыярчылардын иш-аракеттерин убактылуу токтотуу жана КОВИД-19 пандемиясына байланыштуу бардык өлкөлөрдөн ыктыярчыларды эвакуациялоо боюнча оор чечим кабыл алган. Тынчтык Корпусу Кыргыз Республикасында кызмат өтөп жаткан Тынчтык Корпусунун бардык 76 ыктыярчысынын үйлөрүнө аман-эсен кайтып баруусун камсыз кылуу үчүн ыкчам аракет жасады. 2022-жылдын июнь айында АЧКО долбоорунун ыктыярчы стажерлорунун биринчи тобу эвакуациядан кийин өлкөгө келишти. Азыркы учурда 11 ыктыярчы Чүй, Нарын, Ысык-Көл жана Талас облустарында кызмат өтөп жатат. 1993-жылдан бери 800дөн ашык АЧКО долбоорунун ыктыярчылары 200 орто мектепте жана 15 университетте окутуучу болуп иштешкен. райондук билим берүү бөлүмүнүн жетекчисине кайрылышы керек. Тынчтык Корпусу Билим берүү жана илим министрлигинен тизмени алгандан кийин, ыктыярчыларды жайгаштыруу үчүн мектептерди жана жамааттарды тандап, даярдык көрө баштайт.

## ТЫНЧТЫК КОРПУСУНУН ӨНӨКТӨШ МЕКТЕПТЕРДИ ТАНДОО БОЮНЧА НЕГИЗГИ КРИТЕРИЙЛЕРИ

- Мектеп райондук билим берүү бөлүмүнүн кураторлору тарабынан сунушталган.
- Мектеп Тынчтык Корпусунун ыктыярчыларын кабыл алуу боюнча арыз толтурган.
- Мектепте жок дегенде өз ишине берилген бир англис тили мугалими иштейт
- Англис тили мугалими(дери) ыктыярчы менен биргеликте жумасына 18 сааттан кем эмес сабак бере алат
- Мектеп жана ал жайгашкан коомчулук ыктыярчыны кабыл алууга абдан кызыкдар

Кыргыз Республикасындагы Тынчтык Корпусунун коопсуздук кызматынын менеджери, медицина кызматкерлери, программалык жетекчи жана башка кызматкерлери тандоо процессинин алкагында жергиликтүү бийлик жетекчилери, мектеп жетекчилери жана жергиликтүү коомчулуктун мүчөлөрү менен жолугушууларды өткөрүшөт.





# АНГЛИС ТИЛИН ЧЕТ ТИЛИ КАТАРЫ ОКУТУУ ДОЛБООРУНУН 2022-ЖЫЛДАГЫ НЕГИЗГИ КӨРСӨТКҮЧТӨРҮ

1-максат: Мугалимдердин жалпы жана/же англис тилин окутуу боюнча жөндөмдөрүн колдонуу потенциалын жогорулатуу.

| | |
|---|---|
| **24** | Англис тили мугалимдери жаңы окуу ресурстарын же окуу материалдарын колдонууну өздөштүрүштү. |

2-Максат: Окуучулардын англис тили боюнча жетишкендиктерин жогорулатуу

| | |
|---|---|
| **1080** | Орто мектептин окуучулары Тынчтык Корпусунун Ыктыярчылары менен жергиликтүү мугалимдер биргелешип окуткан англис тили сабактарына катыша алышты. |


Кыргыз Республикасындагы Тынчтык Корпусу окуу жылынын аягында ыктыярчылардын жана кесиптештеринин аракеттеринин жыйынтыктарын *https://www.peacecorps.gov/kyrgyz-republic* веб-сайты аркылуу 2023-жылдын Жылдык отчетунда бөлүшүүнү чыдамсыздык менен күтөт.

## ТЫНЧТЫК КОРПУСУНУН ЖАҢЫ ПИЛОТТУК ВИРТУАЛДЫК КЫЗМАТ ПРОГРАММАСЫ

Тынчтык Корпусунун Пилоттук Виртуалдык Кызмат Программасы – бул Америкалыктардын Тынчтык Корпусунун долбоорлорун жана өнөктөштөрүн алыстан колдоо мүмкүнчүлүгү. Кыргызстанда Пилоттук Виртуалдык Кызмат Программасынын (ПВКП) катышуучулары 2021-жылдын февраль айынан тартып Кыргызстандын англис тили мугалимдери менен биргелешип окутууда. ПВКПнын биринчи катышуучулары Кыргызстандан пандемиядан улам эвакуацияланган ыктыярчылар болду. Бул ПВКПнын катышуучулары алар өлкөдөн чыгып кеткенге чейин иштешкен окуучулары жана мугалимдери менен Америка Кошмо Штаттарынан Zoom аркылуу байланышта болушту.

Андан бери Тынчтык Корпусунун 15 ыктыярчысы Кыргыз Республикасынын, алсак Баткен, Ош, ЖалалАбад, Нарын, Ысык-Көл жана Чүй областтарындагы сабактарга ПВКП катышуучусу катары катышышты. Азыркы учурда жергиликтүү англис тили мугалими жана ПВКПнын ыктыярчысынан турган алты жуп Кыргызстандын окуучуларын эң аз дегенде жумасына бир жолу англис тили боюнча иш-аракеттерге тартууда.

# ТЫНЧТЫК КОРПУСУНУН КАЙТЫП КЕЛГЕН ЫКТЫЯРЧЫСЫ ДЭЙВ БИЗДИН ПИЛОТТУК ВИРТУАЛДЫК КЫЗМАТ ПРОГРАММАБЫЗ (ПВКП) АРКЫЛУУ КЫЗМАТЫН УЛАНТУУДА




Дэйв Жалал-Абад облусундагы айылдык мектепте Виртуалдык Кызматтын катышуучусу. Дэйв дүйнөдөгү өзү жакшы тааныш эмес өлкөлөр менен байланыш түзүү жана ага кызмат кылуу үчүн Пилоттук Виртуалдык Кызмат Программасына тапшырган. Ал магистратурада окуп жаткан маалда, бул кызмат кылуунун эң жакшы жолу болот деп ойлогон, жана чынында дал ошондой болуп чыкты!

«ПВКПда кызматымды аяктагандан кийин окуучуларым жана Кыргызстандагы кесиптештерим менен жолугушуу, Индонезиядагы ыктыярчылык тажрыйбамды эске салды жана айылдагы кесиптешиме жана окуучуларыма жолугуу Кыргызстандагы Тынчтык Корпусунун маңызын сездирди. Тынчтык Корпусунун ПВКнын жамаатында болгону бир нече күн жүргөнүмө карабастан, бул өткөн жайдагы Кыргызстанга болгон 7 жумалык сапарымдын эң жаркын учуру болду.


Алгач онлайн режиминде окутуу бир аз татаал болду (негизинен убакыттын айырмачылыгынан жана техникалык кыйынчылыктардан улам), бирок кесиптешим экөөбүз кыйынчылыктарды жеңдик жана кийинки сабакка мыкты даярдык көрдүк.Мындан тышкары, мен өлкөдөгү Тынчтык Корпусунун кызматкерлери менен, атүгүл өлкөнүн жетекчиси менен жолугушууда жана жеке таанышууда алардын көрсөткөн кичипейилдик мамилеси жана чыныгы меймандостугу ар дайым эсимде калат. Алар мени өз коомчулугуна жылуу кабыл алышты жана миңдеген чакырым алыстыкта жүргөнүмө карабастан, жума сайын укмуштуудай адамдар менен иштөө мен үчүн сыймык болду.

Катышууну каалагандарга айтаарым: СӨЗСҮЗ КАТЫШКЫЛА!! Тынчтык Корпусунда кызмат кылуу сыяктуу эле, ПВКП дагы чоң сыноо. Буга көнүү керек. Бул улуу иштерди жасоону кыялданган жана эңсеген окуучуларга көмөк көрсөтүүнүн эң сонун мүмкүнчүлүгү. Миңдеген чакырым алыстыкта жүргөнүңүзгө карабастан, окуучуларыңызга жана мектебиңизге таасир эте аласыз!»

## ОКУУЧУЛАРГА КЫЯЛДАРЫН ОРУНДАТУУГА КӨМӨКТӨШҮҮ

К-27 тобунун ыктыярчысы Джон Нарын облусундагы орто мектепте жергиликтүү мугалим менен биргеликте англис тилинен сабак берет. Ал жана анын айрым окуучулары англис тилин окутуу жана үйрөнүү алардын жашоосуна кандай таасир эткендиги жөнүндө ойлору менен бөлүшүштү.

QR-код аркылуу Жондун окуучуларды кызыктыруу үчүн мугалимдер менен иштеп жатканын көрүңүз

**Нуржан, 11-класс:** «Менин кыялым дайыма англис тилин үйрөнүү болчу. Мен англис тилин 4-класста окуп жүргөндө үйрөнө баштагам. Бул абдан кыйын болду. Мен сөздөрдү жаттачумун, бирок алфавитти да, грамматиканы да билчү эмесмин. Джон мырза мага грамматикадан жардам берип, сүйлөө жана угуу жөндөмүмдү жакшыртты. Чоңойгондо котормочу болуп, Америкага баргым келет. Келечекте менин балдарым Америкада окушун каалайм. Бул менин кыялым».

**Айдана, 11-класс:** «Менин кыялым - чет өлкөдө, АКШда же Европада, Гарвардда же Кембриджде окуу, дүйнөнүн бардык өлкөлөрүнө саякаттоо, ата-энеме жардам берүү жана программист болуу. Мунун баары англис тилин билүүнү талап кылат! Джон мырза мага көп нерсени үйрөттү жана ката кетирүү дагы нормалдуу нерсе экендигин үйрөттү. Азыр мен жакшыраак сүйлөп, түшүнүп калдым. Мен Америкада окугум келет, анткени ал жакта билим деңгээли өтө жогору. Америкадагы мектептер жөнүндө интернеттен изденип билдим. Джон мырза менен таанышкандан кийин, мен башка америкалыктар менен таанышууга кызыгып, ал сыяктуу мен дагы ыктыярчы болгум келет».

**Жибек, 10-класс**: «Мен Тынчтык Корпусу жөнүндө өткөн жылы менин мектебимдеги Тынчтык Корпусу каржылаган долбоорго катышканымда билдим. Тынчтык Корпусунун колдоосу менен жамаатыбызга жардам берүү үчүн тайпа түзүп, долбоорду аяктадык. Биз башка долбоорлор боюнча кызматташууну улантууну каалайбыз. Мага Тынчтык Корпусу жагат, анткени ал окуууларга көндүмдөрдү өрчүтүүгө жана максаттарына жетүүгө жардам берет. Тынчтык Корпусу окуучуларга окууга жана стипендия алууга жардам берет. Джон мырза англис тилинин мыкты мугалими! Ошондой эле ал мага Америка жөнүндө мен билбеген нерселерди түшүндүрүп берди. Мен кичинекей кезимде Америка жөнүндө кинолордон гана билчүмүн. Джон мырза да бизден кыргыз маданиятын жана тилин үйрөнүүдө! Азыр менин кыялым - Америкада окуу».

**Джон, К-27- тобунун ыктыярчысы:** «Мен Кыргызстанга биринчи жолу 2019-жылы келгем, бирок болгону тогуз айдан кийин Тынчтык Корпусунун КОВИД-19 пандемиясына каршы глобалдык аракетинин алкагында эвакуациялангам. Эвакуация бир нече себептерден улам кыйын болду, бирок эң оор бөлүгү үй-бүлөмдү, кесиптештеримди жана окуучуларымды таштап кетүү болду. Алар мени тосуп алуу жана колдоо үчүн көп иштерди жасашты, ошондуктан биз баштаган долбоорлорду бүтүрбөй кетүү оңой болгон жок. Тынчтык Корпусу мага 2022-жылы Кыргызстанга кайтып келүүгө мүмкүнчүлүк бергенде, кайтып келүү чечимин кабыл алуу жеңил

болду. Мектептин, айылдын жамаатынан жана чай үстүндө ар кандай нерселерди үйрөнүүгө дагы бир мүмкүнчүлүк алуу мен үчүн чыныгы сыймык. Кайтып келүүнүн эң жакшы бөлүгү окуучуларым менен кайрадан жолугуу жана алардын ийгиликтерин көрүү болду. Мен бир аз жардам берем, бирок окуучулар класста да, класстан тышкары да талыкпай эмгектенишет. Алардын ийгилиги, берилгендиги жана кызыгуусу бизге өжөрлүк жемишин берээрин жана кыялдардын орундалышы мүмкүн экендигин күн сайын эскертип турат».

## КАБЫЛ АЛУУЧУ ҮЙ-БҮЛӨДӨГҮ КАРЫНДАШТАН АНГЛИС ТИЛИ БОЮНЧА КЕСИПТЕШ-МУГАЛИМГЕ ЧЕЙИН

Нургулдун Тынчтык Корпусундагы шыктандыруучу окуясы ал бешинчи класстын окуучусу жана кабыл алуучу үй-бүлөдө ыктыярчынын карындашы болуп, үй-бүлөсү менен Кыргызстандын түндүк-чыгышындагы Ысык-Көл облусунун айылында жашаган кезинен башталган. Нургүл кабыл алуучу үй-бүлөдө ыктыярчынын карындашы болуп, андан соң англис тили боюнча кесиптеш-мугалим жана Кыргыз Республикасындагы Тынчтык Корпусунун таасирин изилдөөчү болуп Тынчтык Корпусу менен кызматташып келет.








«2005-жылдан бери чоң энемдин үйүндө Тынчтык Корпусунун эки ыктыярчысы жашагандыгын билем. Мен ал кезде 5-класста окучумун, ошондон бери англис тилин үйрөнүүгө кызыгам. Ыктыярчылардын бири Николас мага жана менин үй-бүлөмө англис тилин үйрөнүүгө түрткү бергени эсимде; биз Николас менен күн сайын кечинде англис тилинде сүйлөшчүбүз. Ал мен жолуккан биринчи америкалык болгондугу менен эсимде калды. Николастын үй-бүлөсү биздин айылга бир айга келип, америкалыктардын ар кандай тамактарын жасаганы эсимде. Менин эсимде өзгөчө америка пиццасын жасоо калыптыр - ал абдан даамдуу болчу. Менин үй-бүлөм эки ыктыярчы менен төрт жыл чогуу жашады жана дагы да болсо ыктыярчыларды кубануу менен кабыл алышмак, анткени биздикиндей кичинекей айылда жашап да, башка маданиятты үйрөнүү кызыктуу.

Ыктыярчылар менен англис тилин үйрөнүүгө кеткен убакыт мени англис тили мугалими болууга түрткү берди. Мен Тынчтык Корпусун жакшы көрөм, анткени ал мугалимдерге окутуу методикасын жана англис тилинде сүйлөө көндүмдөрүн өркүндөтүүгө жардам берет. 2021-жылы мен өлкөнүн булуң-бурчунан келген башка

мугалимдер менен семинарда болдум жана англис тили мугалимдеринин баары эле англис тилинде так сүйлөй албасын көрдүм. Ошондон бери мен англис тили мугалимдерине англис тилин өркүндөтүүгө кантип жардам берүүнү ойлонуп келем. Албетте, мен жаңы мугалиммин, бирок келечекте мугалимдер үчүн ар кандай семинарларды жана тренингдерди өткөрүүнү пландап жатам. Окуучуларыбыздын жаркын келечегин куруу үчүн биз мугалимдер жакшы билимдүү болушубуз керек. Мен Тынчтык Корпусу тарабынан уюштурулган ар кандай тренингдерден жана курстардан өттүм, мисалы, TESOL, ПВКП жана New Generation (Жаңы Муун). Мындай курстар айыл жергесиндеги мугалимдерге жардам берет, анткени бизде жаңы идеяларга жана маалыматтарга жетүү мүмкүнчүлүгү аз. Тынчтык Корпусу ар дайым бизге, анын ичинде онлайн курстары аркылуу жардам берүүгө аракет кылат. Мындай курстар мага мугалим катары билимимди жаңыртууга түрткү берди жана ушул жайда Америка элчилигинен толук стипендия алган БААУнун МАТ программасына тапшырдым. Азыр мен «Тынчтык Корпусунун Ыктыярчыларынын Кыргызстандын мугалимдерине болгон таасири» аттуу темадагы илимий изилдөө эмгегимдин үстүндө иштеп жатам.

Бенджамин Франклиндин мындай дегени бар:»Мага айт, бирок, мен унутам, мага үйрөт, ал нерсени мен эстеп калам, мени катыштырсаң, мен үйрөнөм». Тынчтык Корпусунун ыктыярчылары мени кичинекей кезимде англис тилин үйрөнүүгө кызыктырышкан, ал эми Тынчтык Корпусунун дагы бир ыктыярчысы мени бүгүнкү окуп үйрөнүүмдүн кийинки баскычына шыктандырууда. 2018-жылы мен ыктыярчы менен мугалим болуп иштөө боюнча арыз тапшыргам, 2022-жылы менин ыктыярчым келди. Мен абдан кубанып турдум, анткени ыктыярчылар менен иштөө, бири-брибизден окутуунун жаңы ыкмаларын үйрөнүү жана чогуу машыгуу абдан кызыктуу. Себеби, кыргыз мугалимдеринин англис тилинде сүйлөгөндөр менен баарлашууга же башка өлкөлөрдөн досторду табууга мүмкүнчүлүктөрү өтө аз».

## МЕН ӨЗ КООМЧУЛУГУМА КАНТИП ЖУУРУЛУШТУМ

«Менин атым Адам жана мен Кыргызстандагы көздүн жоосун алган Ысык-Көлдүн түндүк жээгиндеги айылда Тынчтык Корпусунун Ыктыярчысымын. Ал жакка эч качан барбагандар үчүн, Ысык-Көл облусу Көлдү курчап турган укмуштуудай пейзаждары менен «Кыргызстандын бермети» катары белгилүү, жана күн нуруна чагылышканда, аны асыл таш менен салыштырууга болот деп айтат элем. Айылым Ысык-Көлдү кучагына алган талаалардын четинде жайгашып, жайкысын жаркыраган алтын өңдөн, кышкысын карга оролгон тынч аймакка айланат. Бул талаалар көл жээгине чейин бир нече чакырымга созулат жана бул бейиш сымал туюлган жерди ар тарабынан курчап турган тоолор кыркасы көздүн жоосун алат. Мен дүйнөнүн бул бурчуна арналган сулуулукту баса белгилебей кое албайм, анткени бул кереметтер менин күнүмдүк жашоом менен байланышып турат. Бул жерде иштөө көп учурда оңой эмес, жана менин жамаатым күн сайын туш болгон көптөгөн көйгөйлөр борбор калаабыз Бишкекте жок. Ошентсе да, бул жерди мен бейиш деп айтсам, сиз ишенип коюңуз.

Менин ийгилигимдин ачкычы жөнөкөй – бул мени кабыл алган үй-бүлөм. Менин кабыл алуучу апам Дарийкага жана кабыл алуучу атам Кубанычбекке башынан бери мага көрсөткөн жылуу мамилеси жана колдоолору үчүн түбөлүк ыраазымын. Биринчи эле жумада мен биздин фермада

жумуштарды аткара баштадым. Бул башкалар үчүн таң калыштуу угулушу мүмкүн, себеби мындай мамиле менин теңтуштарымдын кыялы, анткени биз баарыбыз иштегибиз келгенине карабастан, кыргыз меймандостугунун негизинде бизди ишке аралаштырбай падышадай мамиле жасалат.





Эң кызыгы, көлдүн жээгиндеги бийик чөптөрдү жыйноого жардам суроо менен үй-бүлөм мени өз дүйнөсүнө толук мүчө катары кабыл алышканын көрсөтүштү. Мен ошол жерде, камыштардын арасында, колумдагы айрыга таянып алып, атам менен философияны талкуулаганымда, мага өзгөчө бир нерсе берилгенин билдим. Мен айры ошондой эле күрөк, шыпыргы, балка, аркан жана чака менен иштедим. Мен ошол жерде туруп ар кандай темада сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү бактысына ээ болдум, алсак, картошка жыйноо учурундагы Кыргызстандагы билим берүү системасы, сарымсак отургузуу, кызылча жыйноо жана 80-жылдардагы Москва дискотекалары, эс алуу пландары, сүт сатуу учурунда англис тилин үйрөтүү жана башкалар. Мени өзүлөрү менен иштөөгө чакыруу аркылуу, менин үй-бүлөм мага фермада жана андан да маанилүүсү, үй-бүлөбүздө жашоо кандай экенин чындап сезип, билүүгө мүмкүнчүлүк берди. Мен дагы башка нерселерге жардам бердим. Мисалы, ашканада оромо, манты, пицца, куурдак жана лагман тамактарын жасоого жардам бердим. Барынан дагы ар кандай майрамга даярдык көрүлүп жатканда кой союуга жардам берүүнү сурангандыгы - мен үчүн эң чоң сыймык болду. Мен көптөгөн уйларды кууп, көп койлор менен алыштым, бирок мен сымал чын жүрөктөн үй-бүлөгө кабыл алынуудан өткөн таң калыштуу жана пайдалуу тажрыйба болбосо керек.

Менин кабыл алуучу ата-энем экөө тең жергиликтүү мектептин мугалимдери болгондуктан, алар аркылуу дээрлик ар бир кесиптешим, кошунам жана кабыл алуучу үй-бүлө мүчөсүлөрү менен таанышуу сыймыгына ээ болдум. Өзгөчө алардын менин сүйлөгөн тилиме жана үй жумуштарын жасоодо көрсөткөн чыдамкайлыгы, мага айыл турмушундагы өтө зарыл болгон тил жөндөмүмдүн олуттуу түрдө өнүгүүсүнө мүмкүндүк берди (айылымда кыргыз жана орус тилдерин көп учурда аралаштырып сүйлөшөт). Кабыл алуучу бир тууганым жана анын үй-бүлөсү келгенден кийин, бир чатырдын астында үй-бүлөдөгү бир нече муундун жашоосу кандай боло тургандыгын сезүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болуп, жамаат менен жуурулушуумду андан ары да бекемдей алдым. Менин кичинекей жээним абдан сүйкүмдүү. Мен үй-бүлөмдүн электр

энергиясынын өчүрүлүшүнө, сынган мештерге, суунун жоктугуна, качып кеткен жаныбарларга жана башка көйгөйлөрдү чечүү үчүн кылган аракеттерин көрүү мүмкүнчүлүгүнө да ээ болдум. Байкем мени айылдагы өз досору менен тааныштырып, өзүм курактуу балдар менен да баарлашуу мүмкүнчүлүгү түзүлдү.

Менин жамаатымдын мамилеси – бул чыныгы кичипейилдик жана колдоо. Бул жерде мени чын дилдери менен тосуп алып, баалап, сыйлашаарына эч качан шек санабайм. Баарынын мага көрсөткөн үзгүлтүксүз жылуулугу жана боорукердигине ичим жылып, ыраазы болом жана бейиштин бул кичинекей бөлүгүн экинчи үйүм деп атаганым менен сыймыктанам».

## ОКУТУУ, ҮЙРӨНҮҮ ЖАНА БӨЛҮШҮҮ: МЕНИН ТЫНЧТЫК КОРПУСУНДАГЫ УКМУШТУУДАЙ ТАЖРЫЙБАМ

QR-код аркылуу Ыктыярчылардын Нооруз майрамын майрамдап жаткан видеосун көрүңүз

«Менин атым Стефани, мен 27 жаштамын. Мен балалыгымдын көбүн Батыш Вирджинияда өткөрдүм, ал эми Кыргызстанга келгенге чейин Калифорнияда жашагам. Учурда Мен Тынчтык Корпусунун ыктыярчысымын, Кыргызстанда англис тилин чет тили катары окутуу мугалими болуп иштейм. Мен Ысык-Көл облусунда атам, апам жана сиңдим менен жашайм. Сиңдим биздин жергиликтүү орто мектепте менин англис тили сабагыма катышат. Ушул айды кошуп санаганда Кыргызстанда жүргөнүмө жетинчи ай болгондугу сюрреалисттик сезилет.





Ошол кыска айларда мен жаңы үй-бүлө менен байланышып, жашоого кадимкидей көнүп калдым, жаңы маданиятта жана тилде баарлашууга ыңгайлаштым. Бул процесс пайдалуу болгону менен, оор жана эмоционалдуу болду. Мен өзүмдүн тилимдин өнүгүшүнө, окутуучулук кесипкөйлүгүмдүн натыйжалуулугуна жана адамдар менен байланышуу жана жаңы маданияттын түшүнүксүздүгүн чечүү жөндөмүмө күмөн санадым. Бирок, жеке күмөн саноолорума карабастан, мен үй-бүлөмдүн, кесиптештеримдин, кесиптеш-мугалимдеримдин, окуучулардын, Тынчтык Корпусунун кызматкерлеринин, ыктыярдуу кесиптештеримдин жана чоочун адамдардын колдоосун сезе алдым.

Мени баарынан да кыргыз элинин меймандостугу таң калтырды. Мени кабыл алган үй-бүлөдөгү эжем жана анын үй-бүлөсү биздин үйгө келгенде, баары, таксинин айдоочуусу дагы үйгө кирип, чайга отурушту. Башка ыктыярчы экөөбүз дүкөндүн сатуучусу менен сүйлөшүп калганда, ал бизди дароо үйүнө алып кирип коноктоду жана үйлөнүү тойго чакырды. Жайында мен сиңдим жана анын классташы менен Көл жээгинде волейбол ойноп жатканда, бизге башка дагы балдар кошулду, бул оюнга алардын кошулуусу үчүн эч кандай таанышуунун же түшүндүрүүнүн кереги жок болду, андыктан волейболду 15тен кем эмес бала ойнодук. Ошондой эле, Тынчтык Корпусунун Кыргызстанда канчалык жакшы жана кеңири белгилүү экендиги кызыктуу. Менин айылымдагы адамдар менден 1996-жылы менин айылымда иштеп кеткен ыктыярчы Майклды билесиңби деп сурашат. Көптөгөн жергиликтүү Тынчтык Корпусунун кызматкерлери буга чейин кесиптеш-мугалим катары иштешкен же окуучу кездеринде ыктыярчылар тарабынан англис тилин үйрөнүшкөн. Адамдар ар дайым мени кыргыз тилин билген америкалык болгондугума байланыштуу гана, мени ыктыярчы деп ойлошот. Тынчтык Корпусу жана ыктыярчылар бул жерде өзүлөрүнүн изин калтыра алышты.

Кыргызстанда кызмат өтөөнү улантуу менен, окуучуларымдын муктаждыктарын канааттандыруу үчүн ар кандай окутуу методдорун колдонуп, өзүмдүн кесиптештерим менен көбүрөөк иштөө мүмкүнчүлүгүн чыдамсыздык менен күтөм.

Жыл бою окуучулардын иш-чараларга көбүрөөк аралашып, англис тилинде ишенимдүү сүйлөгөнүн көрүү абдан жагымдуу. Бул ишеним жаңы кызыгууларга жана жаңы максаттарга умтулууга алып келет. Мейли окуучуларымды класста окутамбы же сабактан кийин волейбол аянтчасында алар менен таймашамбы, айтор, мага бул жерде мугалим болуу жагат».

## ТЫНЧТЫК КОРПУСУНУН ЫКТЫЯРЧЫЛАРЫ БИЗДИН ҮЙ-БҮЛӨНҮН БИР БӨЛҮГҮ

«30 жылдан ашуун убакыттан бери мен, Дарийка жана жолдошум Кубанычбек Ысык-Көл облусундагы орто мектепте мугалим болуп иштеп келебиз. Төмөндө Дарийканын ыктыярчыларды кабыл алуу жөнүндөгү ойлору:

Адам бизге чоң оң таасир калтырды! Ал абдан активдүү, жаңы нерселерди үйрөнүүгө дилгир, шайыр. Бул инсан бизге эч кандай кыйынчылык жараткан жок. Ал үй-бүлөнүн ар бир мүчөсү менен мамиле түзө алды. Адамдын кызыкчылыктары кеңири, ал ар дайым жаңы билимге умтулат. Ал жаңы Ысык-Көл диалектилерин үйрөнүүнү, сөз байлыгын толуктоону, кыргыз макал-лакаптарынын маанисин үйрөнүүнү, кыргыз элинин каада-салттары жана маданияты тууралуу билимин дайыма кеңейтүүнү жакшы көрөт. Биздин үй-бүлөлүк салттуу иш-чаралардын катышуучусу болгондуктан, ал алардын мазмунун жакшы түшүнүп, толук кандуу катышуучусу боло алды. Ал эми биз, өз кезегинде, Американын маданияты, башка элдин жашоосу жөнүндө жакындан тааныштык. Адам менен биз эки өлкөнүн ортосундагы өзгөчөлүктөрдү: жаратылышты, калкты, эки элдин жашоо образын салыштырып турабыз.





Ошондой эле мен ар дайым жаңы нерселерди үйрөнүүнү, адамдар менен баарлашууну, Америка Кошмо Штаттары жөнүндө ой жүгүртүүмдү кеңейтүүнү, алар жөнүндө жаңы нерселерди билүүнү жакшы көрөм. Жергиликтүү башкармачылыктын орун басары катары мен Адамды биздин коомдогу көптөгөн адамдар, анын ичинде жаштар менен тааныштыра алдым. Ал адамдар менен тез эле жалпы кызыкчылыктарды таап, тил жана маданиятты жакшы өздөштүрө алды.

«2022-жылы биз Мичигандык Тынчтык Корпусунун ыктыярчысы Адам аттуу жигитти үй-бүлөбүзгө кабыл алуу бактысына ээ болдук. Ал жергиликтүү кесиптештери менен биргеликте мектеп окуучуларына англис тилин үйрөтүп, англис тили мугалимдеринин потенциалын жогорулатуунун үстүндө иштейт. Менин үй-бүлөм Адамдын келгенине абдан кубанычта, ал оңой эле аралашып, биздин үй-бүлөнүн мүчөсү боло алды. Биз ич-ара достук жылуу мамиле түздүк. Ал бизге жаз, күз жана талаа иштеринде көп жардам берет. Адам сарымсак отургузууга, күзүндө алма жыйноого, жайында атасына чөп чабууга, чөп жыйноого, ал эми кышында кар күрөөгө жардам берет.

Кабыл алган атасы эс алууга чыкканда, көбүнчө Адамды балык уулоого алып барат, ал жерде алар чогуу эс алышат. Ал ошондой эле менин уулум Максат менен да абдан жакын болуп калды. Максат аны менен өзүнүн досторун жана классташтарын тааныштырды. Адам алар менен эс алууга барып турат. Мисалы, алар Ак-Суунун жылуу суусуна, Каракол тоо лыжа базасына барып келишти. Ал эми, жай мезгилинде биз үй-бүлөбүз менен биргеликте Ысык-Көлдүн жээгинде көп эс алабыз.

Адам бизге чоң оң таасир калтырды! Ал абдан активдүү, жаңы нерселерди үйрөнүүгө дилгир, шайыр. Бул инсан бизге эч кандай кыйынчылык жараткан жок. Ал үй-бүлөнүн ар бир мүчөсү менен мамиле түзө алды. Адамдын кызыкчылыктары кеңири, ал ар дайым жаңы билимге умтулат. Ал жаңы Ысык-Көл диалектилерин үйрөнүүнү, сөз байлыгын толуктоону, кыргыз макал-лакаптарынын маанисин үйрөнүүнү, кыргыз элинин каада-салттары жана маданияты тууралуу билимин дайыма кеңейтүүнү жакшы көрөт. Биздин үй-бүлөлүк салттуу иш-чаралардын катышуучусу болгондуктан, ал алардын мазмунун жакшы түшүнүп, толук кандуу катышуучусу боло алды. Ал эми биз, өз кезегинде, Американын маданияты, башка элдин жашоосу жөнүндө жакындан тааныштык. Адам менен биз эки өлкөнүн ортосундагы өзгөчөлүктөрдү: жаратылышты, калкты, жашоо образын салыштырып турабыз.

Ошондой эле мен ар дайым жаңы нерселерди үйрөнүүнү, адамдар менен баарлашууну, Америка Кошмо Штаттары жөнүндө ой жүгүртүүмдү кеңейтүүнү, алар жөнүндө жаңы нерселерди билүүнү жакшы көрөм. Жергиликтүү башкармачылыктын орун басары катары мен Адамды биздин коомдогу көптөгөн адамдар, анын ичинде жаштар менен тааныштыра алдым. Ал адамдар менен тез эле жалпы кызыкчылыктарды таап, тил жана маданиятты жакшы өздөштүрө алды.

Ошондой эле, Вирджиниядан келген дагы бир ыктыярчы Джейди кабыл алууга мүмкүнчүлүк болгон. Пандемиядан улам Джей мекенине кайткандандыгына байланыштуу аны менен коштошууга туура келди. Биз дагы деле аралыктан бири-бирибиз менен байланышып турабыз.

Мен жогорку квалификациялуу Тынчтык Корпусунун кызматкерлери менен кызматташканым үчүн абдан бактылуумун. Пандемия учурунда мен онлайн англис тили сабактарына катышып, ыктыярчылар менен кантип иштөө керектиги боюнча тренингдерге катыштым. Бул мага эки маданияттын айырмасын түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берди.

Менин үй-бүлөм 2022-жылы Тынчтык Корпусунун ыктыярчыларынын келишине абдан кубанычта. Ыктыярчылар Кыргызстандыктарга билим алууга, кыялдарга жетүүгө жана мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүүгө түрткү беришет. Мен Тынчтык Корпусунун кызматкерлеринин кызматы, жылуу мамилелери жана алардын асыл иштери үчүн ыраазычылыгымды билдирем».

## ТЫНЧТЫК КОРПУСУНУН ЫКТЫЯРЧЫСЫ ДЭВИД ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕСИПТЕШИ МЕНЕН БИРГЕЛИКТЕ ИШТЕЙТ

QR-код аркылуу Дэвиддин жергиликтүү мугалим менен сабак өтүп жатканын көрүңүз

«Кыргыз Республикасында Тынчтык Корпусунун ыктыярчысы болуп иштеп, жергиликтүү мугалим Алия менен англис тили сабактарын чогуу окутуп келгем. Биздин аракеттерибиз англис тилин үйрөнүүгө суусап турган жана биз менен байланышууга ынтызар болгон Чуй облусундагы орто мектептин окуучуларынын шыктануусуна дал келди. Биздин күндөрүбүз бакытка, жылмайган жүздөргө толгон. Биздин биргелешип окутуубуз жана мен жетектеген англис тили ийримдери аркылуу биз окуучуларга оң таасир тийгизип, англис тилине болгон сүйүүнү өстүрүүгө жардам бере алдык. Окуучулар жана Алия менен иштөө мен үчүн пайдалуу тажрыйба болду. Мен бул окуу жылындагы биздин жетишкендиктерибиз жана шыктандыруубуз менен сыймыктанам».



# ТЫНЧТЫК КОРПУСУНУН ЫКТЫЯРЧЫСЫ МАРГАРЕТ ЖАНА АНЫН ОКУУЧУЛАРЫ АНГЛИС ТИЛИН КЫЗЫГУУ МЕНЕН ҮЙРӨНҮҮДӨ

«Мен туруктуу жашай турган жериме келгенимде, мектептеги дилгир кыздар тобу тосуп алгандан учурдан бери көп убакыт өткөн жок. Алар мага англис тилин жакшы көрөөрүн жана айылына ыктыярчы келгенине абдан кубанычта экенин айтышты. Алар мага жаңы чөйрөдө жылуу кабыл алынганымды сезүүгө жардам беришти. Көп өтпөй, биз сүйлөшүү ийримин (Talking Club) түздүк, анда жумасына эки жолу мектептен кийин бир саат жолугушабыз. Ал англис тилинде гана сүйлөшүү практикасы менен башталган, бирок менин окуучуларым дагы көп ийгиликтерге жетишишти. Айрым окуучулардын далалаты жоктугун байкагандан кийин, аларга англис тили кызыктуу экендигин көрсөтүүнүн жолдорун издедик. Менин окуучуларым мага мектептеги кечелерди жакшы көрөөрүн айтышты, ошондуктан биз ноябрда англис тилиндеги күзгү кечебизди пландаштырып, өткөрдүк. Окуучулар жагымдуу атмосфера түзүү үчүн бышырылган азыктарды жана жасалгаларды алып келишкен. Бизде англис тилиндеги сценарийлерди даярдаган эки окуучу бар эле, алар англис тилиндеги ырларды жана англис тилиндеги оюндарды, мисалы, «Күзгү кече» сыяктуу оюндарды даярдашкан. Биз бийлеп, ырдап, тамактанып, окудук. Биздин кеченин видеосу биздин мектептин Инстаграм баракчасына жарыялангандан кийин, окуучулардын класстык активдүүлүгү жана англис тили сабактарына болгон кызыгуусу ошол замат байкалды. Мындай иш-аракет менен биз жамаатыбызды ойгото алдык!






Жаңы жылга жакын маектерибизде биз Иса пайгамбардын туулган күнү менен жаңы жылды майрамдоодогу америка жана кыргыз элиндеги айрымачылыктарды салыштырдык. Бул жолу биз кичинекей масштабда, ийримдин алкагында майрамдап, «жашыруун Санта» оюнунун алкагында белектерибиз менен алмашыштык. Окуучулар баанын чегин аныкташкандан кийин, биз жаңы жылды тосуу үчүн жөнөкөй жана маңыздуу белектер менен алмашыштык. Бул менен токтолбостон биз жаңы иш-чараларды пландаштырууну улантабыз! Жакында бизге англис тили кабинетине айландыруу үчүн кичинекей бөлмө бөлүп беришти. Окуучуларым менен бирге биз бардык окуучуларды жылуу тосуп алган жана англис тилин үйрөнүүгө түрткү берген мейкиндикти түзүү үчүн ойлорду топтойбуз. Менин окуучуларымдын көптөгөн сонун идеялары бар жана максаттарыбызга жетүү үчүн биргелешип иштей алаарыбыз менен сыймыктанам!».

# ОКУУЧУЛАР ЖЕТЕКТЕГЕН ДОЛБООРЛОР ЖАМААТТА ӨЗГӨРҮҮЛӨРДҮ ЖАСООГО КАНТИП ЖАРДАМ БЕРЕТ

Кыргыз Республикасындагы Тынчтык Корпусу КОВИД-19 пандемиясы учурунда да «Жаңы Муун» долбоору аркылуу жаштардын өнүгүүсүн колдоп келген. Адаттагы, Тынчтык Корпусунун Ыктыярчылары уюштурган ийримдерге жана лагерлерге катыша албагандыктан, окуучулар Тынчтык Корпусунун кичи долбоорлорду колдоо программасы аркылуу каржыланган мектеп долбоорлоруна катышуу менен жашоо көндүмдөрүн өркүндөтүштү. Долбоорлордун негизги максаты айыл жергесиндеги орто мектеп окуучуларына социалдык-эмоционалдык окуу көндүмдөрүн, долбоор иштеп чыгуу жана башкаруу, жана социалдык ишкердүүлүктү камтыган билим жана көндүмдөрдү өздөштүрүүгө жардам берүү болгон.



"Жаңы Муун" долбоорунун бирине Ысык-Көл областынын айыл жергесиндеги орто мектептин окуучуларынын тайпасы катышты. Катышуучулар элдин ден-соолугуна жана жашоосуна терс таасирин тийгизген айлана-чөйрөнүн булгануу маселелерин чечүү үчүн "Гениалдуу тайпасын" түзүштү. Тайпанын долбоору кичи долбоорлорду каржылоо программасынын гранты тарабынан каржыланган долбоорду иштеп чыгуу жана башкаруу тренингинине багытталган социалдык ишкердүүлүктүн колдоосу менен иштелип чыкты. Алар айылдын аймагын тазалоо боюнча массалык кампания уюштуруп, чогултулган таштандыларды иреттешип, пластик идиштерди сатышып, түшкөн каражатты жамааттын аялуу мүчөлөрүн колдоого жумшашкан. Тайпанын мүчөлөрү өз натыйжалары менен сыймыктана алышты: «Биздин экономика жана бизнес боюнча билимибиз абдан кеңейди. Биз чектелген ресурстар жана чектелген убакыт менен долбоорлорду жасоо менен дагы жамаатка олуттуу таасир тийгизе ала турганыбызды үйрөндүк». Алардын тайпасы эки жумалык долбоорду иштеп чыгуу жана башкаруу тренингине катышуу аркылуу өзүлөрүнүн долбоорду башкаруу көндүмдөрүн өркүндөтө алган 30 жамааттын 300 жаш лидеринин бири болду. Кыргызстандын калкынын жарымынан көбү 25 жашка чейинкилер болгондуктан, жаштар кеңири жайылган жумушсуздуктун жана жакырчылыктын фонунда туруктуу өнүгүүнү камсыз кылуучу күчтүү күч болуп саналат. Бул тайпалар инновациялык, ишине берилген жаш лидерлердин өз жамааттарына тийгизе турган таасирин көрсөтүштү. Кичи долбоорлорду колдоо программасы аркылуу каржылаган тренингдерден кийин жаш лидерлер кошумча каржылоону талап кылбаган өз долбоорлорун ишке ашырууну улантышты. Коомчулукту тазалоо кампанияларын уюштуруудан тартып, маргиналдуу балдар жана башка жаштар үчүн эс алуу жана билим берүү иш-чараларын уюштурууда тайпалар өз

жамааттары үчүн эң керектүү нерселерди көздөштү. Көптөгөн тайпа мүчөлөрү өзгөрүүлөрдүн демилгечи боло ала турган потенциалын көрүштү жана жок дегенде бирөө «Биз бардык нерсеге жетише алабыз! - деген ишенимге ээ болду.

**«Гениалдуу тайпанын» жетекчиси Жылдыз:** «Долбоорго катышканга чейин муктаж адамдарды кийим-кече жана башка буюмдар менен камсыз кылуу үчүн көп акча керек, акчасыз эч нерсе кылуу мүмкүн эмес деп ойлочумун. Бирок Тынчтык Корпусунун жардамы менен мен оюмду өзгөрттүм. Жакшылык кылуу үчүн материалдык жактан эмес, жан дүйнөбүз бай болушу керек экендигин эми түшүндүм».



**Тайпанын мүчөсү Нурбол:** «Бул долбоорго катышуу менен мен көп нерселерди үйрөндүм. Мисалы: топто иштөө, ар кандай долбоорлорду жазуу. Негизи, мен мурда эч качан ыктыярчы болгон эмесмин. Бул долбоор мен үчүн ачылыш болду. Долбоор менин көз карашымды кеңейтти деп айта алам. Мен адам акча жок болсо да, мисалы, башка жолдор менен муктаж адамдарга жардам бере алаарын түшүндүм: мисалы, бакчага жашылча-жемиш отургузуп, үй жана короолорун тазалап, жаңы кийим берүү жолдору аркылуу. Эгерде мындай долбоорлор көп боло турган болсо, анда кийинки муундун аң-сезими жакшырып, жаштар шыктанып турушат деген ойдомун».

## КАБЫЛ АЛУУЧУ ҮЙ-БҮЛӨЛӨРГӨ ЖАНА ЖАМААТТАРГА ЫРААЗЫЧЫЛЫК

QR-код аркылуу Ыктыярчы Женнинин жергиликтүү жамаат тууралуу маегин көрүңүз

Тынчтык Корпусунун ыктыярчылары иштеген жерлеринде эки жыл бою жергиликтүү үй-бүлөлөрдө жашашат. Бул Тынчтык Корпусунун маданияттар аралык алмашууну жана түшүнүүнү илгерилетүү боюнча негизги максаттарына жетүүнүн негизги жолдорунун бири. Ыктыячынын кызматынын башталышында үй-бүлө мүчөлөрү анын коомдо коопсуз жуурулушуп кетүүсүндө маанилүү ролду ойношот. Бул тыгыз мамилелер аркылуу ыктыярчылар баалуу маданий жана тилдик көндүмдөргө, ал эми кабыл алуучу үй-бүлөлөр өзүлөрүнүн салты жана билими менен бөлүшүүгө даяр болгон жаңы үй-бүлө мүчөсүнө ээ болушат.







Маданияттар алмашуусунан тышкары, кабыл алуучу үй-бүлөлөр жана ыктыярчылар маңыздуу мамилелерди өрчүтүп, ал мамилелер көпчүлүк учурда ыктыярчылардын эки жылдык кызматынын кийин да узак убакытка сакталып калат.

Өз эшиктерин жана жүрөктөрүн ачып, америкалык уул-кыздарына жакшы кам көрүп жаткан өлкөдөгү бардык кабыл алуучу үй-бүлөлөргө жана жамааттарга ыраазычылыгыбызды билдиребиз.







## БИЛИМ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИНИН КАТЫ

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги Кыргызстандагы Тынчтык Корпусунун жетекчилигине жана кызматкерлерине терең урмат-сайын жана Кыргыз Республикасынын билим берүү системасын өнүктүрүүгө кошуп жаткан салымы үчүн ыраазычылыгын билдирет.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА
ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

Тынчтык Корпусу Кыргызстандын аймагында 1993-жылдан бери ийгиликтүү иш алып барат. Бул убакыттын ичинде республиканын мамлекеттик жалпы билим берүү мектептеринде Америка Кошмо Штаттарынан келген 1300дөн ашык ыктыярчылар жергиликтүү мугалимдер менен биргеликте катардагы англис тили мугалими болуп иштөөгө жетишкенин белгилейбиз.

Учурда пайдаланып, Тынчтык Корпусунун «Англис тилин чет тили катары окутуу» долбоору Кыргыз Республикасынын билим берүү уюмдарынын мугалимдеринин жана окуучуларынын англис тилин деңгээлде өздөштүрүүсүнө чоң салым кошуп келе жаткандыгын баса белгилеп, мындан аркы ишиңиздерге ийгиликтерди каалайбыз!

Урматтоо менен,
Надира Жусупбекова
Министрдин орун басары

Peace Corps
KYRGYZ REPUBLIC

30TH ANNIVERSARY




Кыргыз Республикасындагы
Тынчтык Корпусу
720010, Кыргыз Республикасы
Бишкек ш., Чокморов көч., 304
E-mail: KG01-info@peacecorps.gov
Тел.: 0312650494

Фейсбук Инстаграм Веб-сайт